«Бекитемин»
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий иштери боюнча проректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Чекеев Асылбек Асакеевич

______________________________

«15» 11 2017 – жыл

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин *алгебра, геометрия, топология жана жогорку математиканы окутуу* кафедрасы тарабынан Тагаева Дамира Абылкасымовнанын 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча «Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шарттары (7-9-класстардын мисалында)» деген темада жазылган кандидаттык диссертациясына жетектөөчү мекеме катары жазган**

# ПИКИРИ

**1.Изилдөөнүн адистикке дал келиши.** Д.А.Тагаева тарабынан сунушталган 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча «Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шарттары (7-9-класстардын мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы толугу менен математиканы окутуунун методикасы адистигинин талаптарынын алкагында аткарылган иш. Мында орто мектепте геометрияны 7-9-класстарда окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн маселеси каралган. Ошол себептен бул диссертациялык иш Д. 13.16.526 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште геометрияны 7-9-класстарда окутууда чыгамачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө окутуунун окуу-методикалык каражаттарды пайдалануу менен окутуу аркылуу анын натыйжалуулугун жана окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча изилденген. Бул проблема 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистигинин паспорту менен дал келет.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Акыркы жылдары коомдун социалдык турмушундагы жана экономикадагы жүрүп жаткан глобалдуу өзгөрүүлөр билим берүү системасын реформалоо боюнча ыкчам чечимдерди талап кылып жатат. Орто мектептеги билим берүү системасы боюнча бир канчалаган маанилүү документтер кабыл алынды. 2012-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү Концепциясы» жана «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү 2012-2020-жылдарда өнүктүрүү Стратегиясы»

берүү системасы натыйжага багытталып, ага ылайык, окутууга компетенттүүлүк мамиле кылуу зарыл экендигин белгиледи .

Өлкөбүздөгү окуучулардын окуу жетишкендиктерин улуттук баалоонун (НООДУ), Эл Аралык PISA изилдөө программасы аркылуу текшерүүнүн, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүнүн төмөн экендиги орто мектепте геометрияны окутуу процессинде олуттуу проблемалар бар экендигин айгинелейт. Ошондой эле жогорку жана орто кесиптик окуу жайларына математика багытындагы адистиктерге абитуриенттердин аз санда тапшыруусу, математика боюнча олимпиадалардагы алдыңкы окуучулардын жоопторуна төмөн баалардын коюлушу менен жогорку деңгээлдеги турларга катышууга жетишпей жаткандыгы орчундуу маселелерден болуп калууда. Математика боюнча билим деңгээлинин төмөнкү көрсөткүчтөрү анын ичинде геометриялык билимдин көрсөткүчү экендигине алып келет.

Геометриянын жеке адамдын жана коомдун турмушундагы маанисин, ар түрдүү чөйрөлөрдө колдонулушунун мисалдарын көрсөтүү аркылуу окуучуларды предметти өздөштүрүүгө муктаждыкты пайда кылуу (мотивация) боюнча максатка багытталган иштердин жүргүзүлбөгөндүгү окуучулардын арасында геометрияга карата пикирдин төмөндөшүнө алып келүүдө. Жалпы билим берүүчү мектептин математика боюнча окуу программасында геометрия предметине бөлүнгөн сааттын аздыгынан улам милдеттүү окутулуучу предмет катары көз караш менен карап, окутуу процессинде кызыктырууга, билим сапатын жогорулатууга убакыттын жетишпестигин билдиришет. Республикабызда бул сыяктуу маселелерди чечүүгө багытталган орто мектепте геометрияны окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата изилдөөлөр жүргүзүлбөгөн.

Диссертациянын түзүлүшү коюлган төрт милдетке дал келип, алардын чечилиши ырааттуу удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Иш киришүүдөн, 3 главадан, изилдөөнүн негизги жыйынтыктарынан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн тапшырмаларын толук аныктайт.

**Изилдөөнүн максаты:** Орто мектепте геометрияны окутуу процес-синде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн окуу-методикалык каражаттарын иштеп чыгуу жана аны окуу процессинде пайдалануунун дидактикалык шарттарын аныктоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** белгиленди:

- Геометрияны окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата психологиялык жана педагогикалык адабияттарга анализ жүргүзүү;
- “Чыгармачылык”, “жөндөмдүүлүк” жана “чыгармачылык жөндөм-дүүлүк” түшүнүктөрүнүн маңызын ачуу;

- Геометрияны окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн окуу-методикалык каражаттарын иштеп чыгуу, аны окутуу процессинде пайдалануунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана моделин түзүү;
- Иштелип чыккан моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо.

Бул милдеттердин чечилиши диссертацияда ырааттуу удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 главадан, изилдөөнүн негизги тыянактарынан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттык жана иликтөөнүн тапшырмаларын толук аныктайт.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы «Орто мектепте окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери деп аталып, изилдөөдө коюлган биринчи милдетти чечүүгө багытталды. Главада көптөгөн илимий булактарды талдоонун негизинде "чыгармачылык", "жөндөмдүүлүк", чыгармачылык жөндөмдүүлүк" түшүнүктөрүнө окумуштуулардын иликтөөлөрү анализделип, изденүүчү тарабынан аныктамалар берилген. Ошондой эле орто мектептеги геометрияны окутуу процессиндеги окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн абалы иликтөөгө алынып, окуу-методикалык каражаттар иштелип чыккан. Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталган. Геометрия курсу боюнча учурдагы окуу программаларына, окуу китептерине жана окуу-методикалык колдонмолорго анализ жүргүзүлгөн.

Диссертациялык изилдөөнүн экинчи главасы «Геометрияны 7-9-класстарда окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деп аталат. Мында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн орду 2.1 параграфында баса белгиленип, 2.2 – параграфта окуу-методикалык каражаттарды геометрияны окутууда пайдалануунун методдору көрсөтүлгөн. Ошондой эле геометрияны окуутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методдору 2.3-параграфта кеңири белгиленген. Бул главада орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн модели иштелип чыккан.

Диссертациялык иштин "Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын натыйжалары" деп аталган үчүнчү главасында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктөрүүгө карата педагогикалык эксперимент жүргүзүлүп, анын натыйжалары статистикалык ыкмалар менен жыйынтыкталгандыгы каралган. Анда эксперименталдык иштер коюлган милдеттерди чечүү үчүн, практикалык жана теориялык жоболорду биргеликте кароо менен изилдөө үч этап менен жүргүзүлүп, ага эксперименттин базасы катары Ош шаарындагы №31, №35, №42, Ош областынын

Кара-Суу районуна караштуу №28, №96, №71 – мектептеринин контролдук жана эксперименттик 7-9-класстардын окуучулары катышкан.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

Диссертациялык иште төмөндөгү илимий жаңылыктар алынгандыгы белгиленген:

1. Геометрияны 7-9-класстарда окутуунун учурдагы абалын иликтөөнүн жыйынтыктары алынды;
2. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү камсыз кылуучу окуу-методикалык каражаттар иштелип чыкты;
3. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды;
4. Орто мектепте 7-9-класста геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн модели түзүлдү жана түзүлгөн моделдин эффективдүүлүгү педагогикалык экспериментте текшерилди.

Иштин теориялык жоболору, изилдөөнүн натыйжалары илимий журанлдарда жарыяланган автордун 22 илимий-методикалык эмгектеринде чагылдырылган. Ал диссертациялык иштин негизги мазмунун толук ачып бере алат.

**4. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Иштелип чыккан окуу-методикалык каражаттарга негизделген дидактикалык шарттардын системасы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат. Бул методикалык материалдар орто мектептердин мугалимдери тарабынан пайдаланылып, геометрияны окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө методикалык өбөлгө түзөт. Ошондой эле, мугалимдердин билимдерин өркүндөтүүчү институттарда, педагогдорду даярдоочу жогорку окуу жайларындагы окуу процессинде да пайдаланылышы ыктымал.

**5. Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Геометрияны окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата психологиялык жана педагогикалык адабияттарга жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары;
2. Геометриялык материалдарды окутууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн окуу-методикалык каражаттары.
3. 7-9-класстарда геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана модели;
4. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

Изилдөөнүн оң натыйжалары менен бирге эле, диссертациялык иште төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөрдү белгилөөгө болот:

1. Диссертацияда айрым бир стилистикалык жана пунктуациалык каталар кездешет.

2. Диссертациялык иште педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары түрдүүчө диаграммалар менен берилип калган. Жыйынтыктарды бирдей диаграммалар менен көрсөтүү туура болмок.

Бирок, бул белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана практикалык маанилүүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

Тагаева Дамиранын «Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шарттары (7-9-класстардын мисалында)» деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсү КРнын ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет, ал эми автор 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейбиз.

Бул пикир Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ***алгебра, геометрия, топология жана жогорку математиканы окутуу*** кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент Майлыбашева Чолпон Сатыбалдиевна тарабынан даярдалып, кафедранын 2017-жылдын 14-ноябрындагы №3-отурумунда талкууланып, бекитилди.

**Алгебра, геометрия, топология жана**
**жогорку математиканы окутуу**
**кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент** — **Майлыбашева Ч.С.**

**Катчы, п.и.к. доцент:** — **Мунапысова Г.Т.**

КАДР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ч.С. Майлыбашеванын жана Г.Т. Мунапысованын колдорун тастыктаймын
бөлүм башчысы [illegible] (Жайнакова А.)